КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ

АЛАЙ РАЙОНУ
ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ

АЛАЙСКИЙ РАЙОН
ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезексиз VI отуруму**

# ТОКТОМ
**№ 35**

2024-жылдын 10-июлу Согонду айылы

**“Кыргызалтын” ачык акционердик коомуна “Каракала-Терек” алтын кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө жер участогун убактылуу пайдалануу укугун берүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өмөтүнүн башчысы Т. Камиловдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 60, 61 беренелеринин, Жер казынасы жөнүндөгү мыйзамынынын 40 беренесинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 15-декабрындагы №810 “Жер казынасын пайдаланууга жер участокторун берүү маселелери жөнүндө” токтомунун 2-пунктуна, Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн Гагарин айылында 2024-жылдын 9-июлунда болуп өткөн элдик жыйындын №11 протоколуна ылайык, Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 2023-жылдын 17-июлундагы №7360 АР лицензиясынын негизинде “Кыргызалтын” ачык акционердик коомуна “Каракала-Терек” алтын кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө жер участогун убактылуу пайдалануу укугун берүү максатында Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Гагарин айылында 2024-жылдын 9-июлунда болуп өткөн элдик жыйындын №11 протоколу эске алынсын;

2. “Кыргызалтын” ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин 2023-жылдын 17-июлундагы №7360 АР лицензиясынын негизинде “Каракала-Терек” алтын кенинде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө Жибек-Жолу айыл аймагынын Гагарин айылындагы 600 га жер участогуна убактылуу пайдалануу укугу берилсин;

3. “Кыргызалтын” ачык акционердик коому убактылуу пайдаланууга берилген жер участогунда геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзгөндөн кийин Кыргыз Республикасынын экология, жер-суу Мыйзамдарынын талаптарына ылайык калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү милдеттендирилсин;

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т. Орозали уулу**